**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ**

Түзгөн: БатМУнун Сапаттык билим берүү бөлүмүнүн башчысы
Борубаева Гульбара Назырбековна

---

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Баткен мамлекеттик университети

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОСУ

Баткен – 2019-ж.

БатМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган, № 4 протокол.
«26» 02 2019-ж.

«БЕКИТЕМИН»
БатМУнун ректору, техн.и.д., профессор Зулпуев А.М.
«27» 02 2019-ж.

**Баткен мамлекеттик университетинин жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиянын иши жөнүндөгү**

**ЖОБОСУ**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Баткен мамлекеттик университетинин жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиянын иши жөнүндөгү жобосу (мындан ары - Жобо) Баткен мамлекеттик университетинин (мындан ары - БатМУ) аккредитацияланылуучу билим берүү программаларын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссиясынын иштөө эрежелерин жана тартибин бекитет.

1.2. Бул Жобо КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, КРнын Өкмөтүнүн 29.12.2015-ж. бекитилген № 670 «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө» жана 04.10.2016-ж. бекитилген № 525 "КРнын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 "Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтомдоруна ылайык иштелип чыкты.

1.3. Өзүн-өзү баалоонун максаттары:

- Баткен мамлекеттик университетинин жана билим берүү программаларынын минималдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсүн баалоо;
- билим берүү программаларынын ишмердүүлүгүнө SWOT-анализ жасоо;
- аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана билим берүү уюмунун ишинин сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды пландаштыруу.

## 2. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын ишин пландоо жана даярдоо

2.1. Университетти жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүн өзүн-өзү баалоо БатМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде университеттин ректору тарабынан бекитилген комиссия (мындан ары - Комиссия) тарабынан жүргүзүлөт.

2.2. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

- университеттин ректору - Комиссиянын төрагасы;
- университеттин окуу иштери боюнча проректорлору;
- университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери;
- университеттин усулдук бирикмелеринин жетекчилери;
- камкордук кеңешинин, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

Комиссиянын сапаттык курамы аккредитациялоонун түрүнөн көз каранды:

- институционалдык аккредитациялоо комиссиясынын курамына университетти башкарууда тажрыйбасы бар адамдар сунушталат;
- программалык аккредитациялоодо аккредитацияланууччу программага жооптуулар сунушталат.

2.3. Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын курамы жөнүндөгү буйрукта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- комиссиянын ар бир мүчөнүн фамилиясы, аты, атасынын аты жана ээлеген кызматы (Комиссиянын төрагасын аныктоо менен);
- өзүн-өзү баалоо башталган жана аяктаган күндөр (өзүн-өзү баалоонун мөөнөтү 6 жумадан кем болбоосу шарт);
- өзүн-өзү баалоонун отчетун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда кароого берүү күнү.

2.4. Өзүн-өзү баалоого даярдык көрүүдө Комиссиянын төрагасы мүчөлөрү менен уюштуруу, даярдык көрүү боюнча жыйналыш өтөт. Анда:

- өзүн-өзү баалоонун планы каралат жана бекитилет, белгилүү жумуш багыттары боюнча мүчөлөрдүн жоопкерчилиги жана ролу аныкталат;
- минималдык талаптардын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде изилдөөгө жана баалоого кирүүчү маселелер такталат;



- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана отчет даярдоочу адам дайындалат;
- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын-ала жана акыркы кароо мөөнөттөрү аныкталат.

## 3. Өзүн-өзү баалоонун мазмуну

*3.1.* Өзүн-өзү баалоо - Баткен мамлекеттик университетинин ишмердүүлүгүнүн минималдык талаптарга жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келишин камтыган комплекстүү жана ар тараптуу баалоо. Талдоо жана баалоо билим берүү уюмунун жана күндүзгү, сырттан окутуу формалары боюнча даярдалуучу программалардын акыркы 5 жылдагы аткарган иштеринин жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

Баткен мамлекеттик университетинин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын бекитүү тастыкталган болуусу зарыл (тастыктоочу документтер болушу керек).

Өзүн-өзү баалоодо ар бир минималдык талап үчүн төмөнкүлөрдү көрсөтүү керек:

- документтердин жана ресурстардын бар болуусу;
- ишке ашуу механизми/ иш-жүзүнө ашыруу;
- иштин жыйынтыгын баалоо;
- жакшыртуу боюнча пландар.

Төмөндө Баткен мамлекеттик университетинин ишмердүүлүгүнүн минималдык талаптарга шайкеш келишин баалоодогу документтердин болжолдуу тизмеси (КРнын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-декабрында бекитилген № 670 «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитация боюнча актыларды бекитүү жөнүндө» токтомунун негизинде) келтирилди.

*3.2. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты:*

- БатМУнун Уставы;
- бекитилген уюштуруучу-буйрутма документтер, университеттин (түзүмдүк бөлүмдөрүнүн) ишмердигине мониторинг жүргүзүү, баалоо, анализдөө жана жакшыртуу тууралуу жобо, ички тартиптин эрежелери, этикалык кодекс, билим берүү программаларынын катышуучуларынын укук бузууларына таасирденүү боюнча документ, билим берүү программаларын иштеп чыгуу, кайрадан кароо жана бекитүү тартиби,

студенттердин окуудагы жетишкендиктерин объективдүү жана ачык баалоо эрежелери жана процедуралары, баалоонун жыйынтыктарын апелляциядан өткөрүү, университеттин сапатын камсыздоо саясаты, сапатты башкаруу боюнча колдонмо, сапат менеджментинин системасы боюнча жобо ж.б.);

- миссия, билим берүүнүн максаттары, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- стратегиялык жана күндөлүк пландар (университетти өнүктүрүүнүн программасы);
- ички көзөмөл тууралуу жобо (университеттин ишмердигине мониторинг жүргүзүү, баалоо, анализдөө);
- Баткен мамлекеттик университетинин уюштуруучу түзүмү (уюштуруу схемасы);
- протоколдор (окумуштуулар кеңешинин, административдик кеңештин, ата-энелер жыйынынын, камкордук кеңешинин, методикалык кеңештин, циклдик комиссиялардын, студенттердин, өзүн-өзү башкаруу органынын отурумдарынын, тегерек столдордун, жолугушуулардын ж.б.);
- сурамжылоолордун жыйынтыктары боюнча отчеттор (интервью, анкетирлөө, бүтүрүүчүлөрдү көзөмөлдөө боюнча изилдөөлөр ж.б.);
- анализ боюнча отчеттор (билим берүү уюмунун иш багыттары боюнча) университеттин ишмердүүлүгүн жана жетишкендиктерин баалоонун негизинде жакшыртуу боюнча пландар.

3.3. *Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо:*

- университеттин билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо тууралуу жобо;
- билим берүүнүн максаттары, университеттин миссиясы менен шайкеш келген окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- окуу пландары;
- сабактардын жадыбалдары;
- анализ, бүтүмдөр, корутундулар, чечимдер менен мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары;



- окуу-методикалык бирикмелердин, педагогикалык кеңештин, предметтик (циклдик) комиссиялардын, ж.б. протоколдору;
- кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары (анкеталар, интервью, отчеттор ж.б.);
- билим берүү процессин окуу-методикалык камсыздоо;
- университеттин билим берүү программаларын жакшыртуу боюнча пландар.

3.4. *Баткен мамлекеттик университетинде инсанга багытталган окутуунун жүрүшүн жана студенттердин жетишүүсүн баалоо*

- университеттеги билим берүүнүн максаттары жана окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- окуу пландарынын билим берүү максаттарына жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына шайкеш келишин анализдөө;
- окуу-методикалык камсыздоо;
- окутуунун жыйынтыктарын баалоонун бекитилген эрежелери жана процедуралары;
- окутуунун жыйынтыктарын баалоонун колдонулуп жаткан эрежелери жана процедуралары тууралуу окуучуларга маалымат берүү системалары;
- студенттерди курстан-курска көчүрүү жана окуудан чыгаруу дэңгээли, окуудагы жетишкендиктердин көрсөткүчтөрү, билим берүүнүн кийинки деңгээлдеринде окууну улантып жаткан бүтүрүүчүлөрдүн пайызы, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусунун көрсөткүчтөрү;
- окуу сабактарын анализдөө жана байкоо жүргүзүү формасы;
- календардык-тематикалык пландар;
- окутуучулардын жекече пландары;
- БатМУнун ишмердигине инновациялык технологияларды киргизүүнүн жыйынтыктары;
- тарбия иштери тууралуу жобо, тарбия иштеринин жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү, анализдөө жана баалоонун жыйынтыктары;
- ийримдердин, секциялардын иши тууралуу жобо, кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары;
- социалдык паспорт;

- студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү жана ишке ашырууну камсыздоону жөнгө салуучу документтер;
- ата-энелердин, студенттердин ж.б. кызыкдар тараптардын анкеталары;
- университеттеги билим берүү процессине мониторинг жүргүзүү, анализдөө, баалоонун жыйынтыктары, студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктери боюнча отчеттор;
- БатМУнун ишмердигин жакшыртуу боюнча пландар.

*3.5. Студенттерди кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана студенттердин окуусун аяктоосу:*

- студенттерди кабыл алуу, билим берүүнүн жыйынтыктарын таануу жана бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо тууралуу жобо;
- студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө жобо;
- аттестаттарды жана/же дипломдорду берүү китептери (журналы);
- экзамендерге киргизүү, окуучуларды которуу, мамлекеттик үлгүдөгү документтерди берүү тууралуу административдик (педагогикалык) кеңештин протоколдору;
- мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү тууралуу документтер (нускамалар, буйруктар, тапшырмалар);
- кабыл алуу, билим берүү жыйынтыктарын таануу жана студенттердин окууну аяктоосу боюнча мониторинг жүргүзүү анализдөө, баалоо жана жакшыртуунун жыйынтыктары боюнча отчет;
- кабыл алуу, билим берүү жыйынтыктарын таануу жана студенттердин окууну аяктоосу боюнча пландар.

*3.6. Профессордук-окутуучулар курамы жана окутуучу-көмөкчү курам:*

Профессордук-окутуучулар курамын жана окутуучу-көмөкчү курамды тандоо, жумушка кабыл алуу, ыңгайлаштыруу (адаптациялоо), окутуу, илгерилетүү, шыктандыруу жана иштен бошотуу тартиптери тууралуу жобо;

профессордук-окутуучулар курамынын сандык-сапаттык көрсөткүчү;

кызматкерлердин кызмат нускамалары, кызматтык милдеттери;

университеттин кызматкерлеринин ишмердигин баалоо критерийлери;

анкетирлөөнүн, интервьюнун, тегерек столдордун, сүйлөшүүлөрдүн, жолугушуулардын протоколдору;



кызматкерлердин ишмердиги боюнча мониторинг жүргүзүү, анализдөө, баалоо жана жакшыртуунун жыйынтыктарынын отчету;

кызматкерлердин квалификацияларын жогорулатуунун 5 жылдык планы.

*3.7. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары:*

инвентаризациялоо тууралуу документтер (китепкана фонддору, компьютердик класстар, тармактык ресурстар, окуу жабдыктары жана окутуунун техникалык куралдары, башка ресурстар); техникалык паспорт; окуу жылына даярдык тууралуу акт;

билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча бекитилген нускамалар;

билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн санитардык-гигиеналык ченемдер жана эрежелердин, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздуктун талаптарга шайкеш келиши тууралуу корутунду;

университеттин материалдык-техникалык базасын жана маалыматтык ресурстарын техникалык тейлөө тууралуу жобо;

университеттин материалдык-техникалык базасын жана маалыматтык ресурстарын топтоо, баалоо, анализдөө жана жакшыртуу механизмдери;

материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстар боюнча мониторинг жүргүзүү, баалоо, анализдөө жана жакшыртуу, аларды тейлөө боюнча отчеттор;

материалдык-техникалык базаны, маалыматтык ресурстарды жана аларды тейлөөнү жакшыртуу боюнча пландар;

маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу боюнча кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу пландары.

*3.8. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү:*

- университеттин маалыматын башкаруу тууралуу жобо (башкаруунун маалыматтык системасы);
- билим берүү уюмунун коммуникациялык стратегиясы;
- коомчулукту билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча тиешелүү маалыматтар менен камсыздоо үчүн Баткен мамлекеттик университети тууралуу маалыматтар Баткен мамлекеттик университетинин маалыматтык системасы (студенттердин контингенти, сабакка катышуусу жана жетишкендиктери, алардын окуу жайынан

түрдүү себептер менен кетип калуусу, билим берүү программаларынын жыйынтыктары менен студенттердин жана ата-энелердин канааттангандыгы, материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү, олимпиадаларга, долбоордук конкурстарга, спорттук иш-чараларга катышуунун жыйынтыктары тууралуу маалыматтар;

- университет тарабынан коомчулукка дайыма маалымат берип туруу үчүн миссия, билим берүү максаттары, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары, сабак берүүнүн жана окутуунун формалары, баалоонун процедуралары жана критерийлери, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары жана студенттердин ж.б жетишкендиктери тууралуу маалыматтык ресурстар (веб-сайт, электрондук дарек, телефондук жана факсимилдик байланыштар, гезит).

Студенттерди окутуунун жыйынтыктарынын деңгээлин баалоо университет тарабынан аккредитацияланып жаткан жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча өзүн-өзү баалоо процесси 5-тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.

Баа берүү тапшырмалары Баткен мамлекеттик университети тарабынан иштелип чыгат, баа берүү тапшырмаларынын мазмуну билим берүүнүн максаттарын жана окутуунун натыйжаларын эске алуу менен мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык түзүлөт.

## 4. Жыйынтыктарды жалпылоо жана отчет түзүү

4.1. Комиссия тарабынан БатМУнун ишмердүүлүгү жөнүндө жыйналган материалдарга жана маалыматтарга талдоо жүргүзүлөт.

4.2. Жыйынтыктарды жалпылоо боюнча жооптуу кызматкер алынган материалды өзүн-өзү баалоонун отчету (мындан ары - Отчет) түрүндө жазат.

4.3. Төрага отчетту алдын-ала талкуулоо боюнча Комиссиянын жыйынын өткөрөт. Жыйында айрым суроолор такталат, кошумча материалдарды жыйноо жөнүндө ой-пикирлер айтылат, өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгында бүтүмдөрдү жана сунуштарды талкуулашат.

4.4. Отчет боюнча Комиссиянын мүчөлөрү берген сунуштар жана сын-пикирлерди эске алуу менен төрага оңдоп-түздөөнүн жана жыйынтыктоочу кароонун мөөнөтүн белгилейт.

4.5. Өзүн-өзү баалоо боюнча толукталып иштелип чыккан отчетту жыйынтыктап карагандан кийин, Отчет Окумуштуулар кеңешинде (педагогикалык кеңеште) каралат. Окумуштуулар кеңеши



(педагогикалык кеңеш) Отчетту жетекчи тарабынан бекитүү жана материалдарды аккредитациялоонун тышкы баалоосунан өтүү үчүн ыйгарым укуктуу органга жөнөтүү жөнүндө чечим кабыл алат.

## 5. Отчетко коюлган жалпы талаптар

Отчет 1-тиркемедеги бекитилген формага ылайык A4 форматтагы кагазга жазылып, төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- титулдук бет;
- мазмуну;
- кыскартуулар;
- киришүү;
- минималдык талаптардын аткарылышы боюнча талдоо жана далилдер;
- бүтүм;
- тиркемелер.

Минималдык талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдер бөлүгүндө күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүү менен минималдык талаптардын аткарылышы жана бүтүмдөр менен сунуштар төмөнкүлөрдү эске алуу менен көрсөтүлөт:

- документтердин жана ресурстардын бар экендиги;
- ишке ашыруу механизми / практикада аткарылышы;
- иштин жыйынтыгынын баалануусу;
- жакшыртуу боюнча пландар.

Өзүн-өзү баалоо боюнча бүтүм университеттин жана программалардын минималдык талаптарга шайкеш келиши боюнча акыркы жыйынтыкты жана ыйгарым укуктуу органдан аккредитациялоодон өтүү сунушун камтыйт.

Отчеттун текстинин шрифти Times New Roman, өлчөмү - 12, бөлүктөрдүн аталышынын шрифти - Times New Roman, өлчөмү - 14 жазылып, аларды кара кылып боёо зарыл. Саптардын ортосундагы интервал – 1,15, бардык беттер номерленген. Барактын чектери: солдон - 2,5 см, оңдон - 1,5 см, жогору жана төмөн жагы - 2 см болушу зарыл. Таблицаларга жана графиктерге аталышы жана номери коюлат, тиркемелерге да номер коюлат. Отчеттун текстиндеги шилтемелер документтин аталышын, бетин жана тиркеменин номерин камтыйт.